| | |
|---|---|
| возможность пользоваться справочной литературой и словарями | если допускаются паузы с целью поиска точного значения информации, значит упускается логика восприятия и суть изложения материала преподавателем |

Так, исходя из вышеизложенного, если говорить о критериях отбора учебного текста для студентов, для которых русский неродной, можем остановиться на следующих: **содержательность,** что включает в себя информативную достаточность текста; фактическую достоверность приводимых в тексте сведений языковую правильность текста; стилевую органичность; **Качества учебного текста:** целесообразные/ уместные языковые средства, информативно-содержательные, логико-композиционные, языковые и эстетические (стилистические) элементы текста адекватные целям автора, отсутствие коммуникативно избыточных фрагментов, соблюдение пропорциональности композиционных частей, отсутствие информативно избыточных смысловых блоков, совпадение того, что называет автор, с понятиями и представлениями читателя, материал представлен в логической последовательности, отсутствуют элементы, не соответствующие литературному языку.

**Список использованной литературы:**


1. Константинова, Л.А. Лингводидактическая модель обучения студентов-нефилологов письменным формам научной коммуникации: Монография. - Тула: Известия Тул. гос. ун-та, 2003. – 173 с.
2. Сериков В.В. Образование и личность. Теория и практика проектирования пед. систем. – М.: Издательская корпорация «Логос»,1999. – 272с.
3. Азимов, Э.Г., Щукин, А.Н. Словарь методических терминов (теория и практика преподавания языков). - СПб: «Златоуст»,1999. – 472 с.
4. Крицкая, И.П. Некоторые синтаксические особенности материала для аудирования // Иностранные языки в школе. 1974. №4., с. 37-41.
5. Следников, Б.П. Обучение аудированию иноязычной речи в средней школе: Дис….канд. пед. наук. М., 1973. – 25 с.
6. Пруссаков, Н.Н. Трудности при обучении аудированию иноязычного звучащего текста // Иностр. яз. в шк. М., 1981. № 3. с. 57-62. )
7. Елухина, Н.В. Основные трудности аудирования и пути их преодоления. В кн.: Общая методика обучения иностранным языкам: Хрестоматия. - М.: Рус. яз., 1991. - с. 226 - 237.
8. Сухих, О.В. К проблеме отбора аутентичных текстов при обучении иностранным языкам и культуре. // Лемпертовские чтения., 2006. - С. 59-61.



УДК 37.013.21
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-289-293



**Абдраева Н.Э., Мурат кызы Б., Жоомарт кызы А.**
И.Арабаев атындагы КМУнун доценттин м.а.,
И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин магистранттары
**Абдраева Н.Э., Мурат кызы Б., Жоомарт кызы А.**
и.о. доцента КГУ им. И.Арабаева,
магистранты факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева
**Abdraeva N.E., Murat kyzy B., Joomart kyzy A.**
and about. Assoc., KSU im. I. Arabaeva,
undergraduates of the Faculty of Pedagogy KSU named after I. Arabaeva


## ИНТЕРАКТИВДҮҮ ЫКМАЛАРДЫН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОБУЧЕНИЯ С ПОМОЩЬЮ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДИК

# SOME ISSUES OF LEARNING USING INTERACTIVE METHODS

**Аннотация:** Бул макалада азыркы илим менен техниканын өнүккөн доорунда мектеп окуучусуна көркөм чыгарманы окутуу бир топ тоскоолдукту жаратып келгендиги, интерактивдүү ыкмалар бул маселеден чыгуунун бир жолу катары эсептелгени тууралуу сөз болот. Себеби, ар бир окуучу, ал эмес мектепке чейинки балдар коомдо компьютер, интернет, бүткүл дүйнөлүк желеден маалымат алууга мүмкүнчүлүк алып турган чак. Окуучу түзүлгөн мүмкүнчүлүккө ылайык, коомдогу өзгөрүүлөр, дүйнөдө болуп жаткан окуялар менен кабардар болуп жатат, бул көрүнүш, албетте, кубантпай койбойт. Макалада мындан сырткары интерактивдүү ыкмаларды үйрөтүүнүн негизги маселелери жөнүндө сөз болот.

**Аннотация:** В данной статье говорится о интерактивных методах, которые позволяют решить некоторые преграды при обучении школьников художественных произведений в век развития современной науки и техники. Так как, не только каждый учащийся, но и дошкольники увлекаются больше компьютером, интернетом, разными гаджетами, имеют доступ к информации по всему миру. Шагая в ногу со временем, это явление, в свою очередь предоставляет учащимся большие возможности к доступу нужной им информации. Помимо всего в статье идет речь об обучении основных интерактивных методов, используемых на занятиях.

**Annotation:** This article discusses the fact that in the age of modern science and technology, the teaching of art to schoolchildren has been a major obstacle, and interactive methods are considered as a way out of this problem. This is because every student, and even preschoolers, have access to computers, the Internet, and the World Wide Web in society. According to the opportunity created by the student, he is aware of the changes in society, the world events, and this phenomenon, of course, is gratifying. The article also discusses the main issues of teaching interactive methods.

**Негизги сөздөр**: заманбап билим берүү, интерактивдүү ыкма, окуучу, метод, милдет, маселе ж.б.

**Ключевые слова:** современное образование, интерактивные методы, ученик, метод, задача и.т.д.

**Key words**: modern education, interactive methods, student, method, task, etc.

Салттуу тарбия окуучудан жөндөмдүүлүктү жана ар түрдүү ишмердүүлүктү талап кылган шарт менен бекемделген. Анын физикалык, акыл, көркөм шык жөндөмү табигый түрдө өнүгүп отурган жана аны балачагында, ошондой эле келечектеги чоңойгон жашоосунда колдоно алат. Азыркы мезгилде тарбия чачкын абалда, чоңдор менен балдардын ишмердүүлүгүндө байланыш жок. Ишмердүүлүк процессиндеги өнүгүүдө баланын бардык шыгы колдонулбай келет. Көпчүлүк шык-жөндөм мугалим тарабынан талап кылынбагандыктан өчүп калууда. Кээде баланын ата-энеси жаратылышынан өтө күчтүү өнүкпөгөн шыгынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт, ал эми күчтүү өнүккөнү көңүл сыртында байкалбаган бойдон калат. Көпчүлүк көңүл сыртында байкалбаган бойдон калган адабий-чыгармачылык шык-жөндөм болот.

Тарбиялоо жана баланын адабий-чыгармачылык шык-жөндөмүн өстүрүүчү каражат катары көңүл буруу менен интерактивдүү ыкмаларды жана элдик тарбиянын эрежелеринде негизги эң аз элемент окшоштуруучулук экендигин айтууга болот.

Бардык образдар системасы жана элдик чыгармачылыктын тили кылымдар бою курчап турган дүйнөнү мүмкүн болушунча ачык жана так чагылдырып берүү зарылдыгынын негизинде оңдолуп, жылмаланып келди. Бул максатка адам курчап турган айлана-чөйрөдөн көргөн, уккан жана кабыл алган нерселердин баарын окшоштуруп тууроо аркылуу жетүүгө болот. Сезгич сүрөткер эл окшоштуруп тууроо аркылуу таң каларлык образдарды түзүп, жашоого киргизди. Эл өздөрүнүн педагогикалык принциптерин окшоштуруп жасоо

принциптерине негиздеп курган. Балдар чыгармачылыгы да окшоштуруп тууроого негизделген. Балдар эң кенже курагынан тартып оюндарында чоңдорду окшоштуруп туурашат, окшоштуруп тууроо аркылуу алар чоңойгон жашоодо эмне күтөөрүнө алдыртан даярдана башташат, бирок окшоштуруп тууроо менен алар өздөрүнүн чыгармачылык шык-жөндөмүн өнүктүрүшөт.

Башталгыч класстагы окуучунун курактык өзгөчөлүгүн эске алуу менен адабий-чыгармачылык, шык-жөндөмдүн төмөнкүдөй компонеттерин бөлүп көрсөтүүгө болот. Алар: эмоцианалдуулук, жакшы эске тутуу, байкагычтык, чыгармачылык кыял, сүйлөө жөндөмү, ритмдик угуу, кыялдануу, импровизацияга жөндөмдүүлүк ж.б.

Окуучуну чыгармачылык тарбиялоо дидактикалык салтка таянуу аркылуу интерактивдүү ыкмалардын ар түрдүү жанрларын салттуу методдорду жана ык-жолдорду колдонуу менен адабий-чыгармачылык жөндөмдүн башка көптөгөн компоненттерин эффективдүү өнүктүрүүгө мүмкүн. Жыйынтыгында, башталгыч класстагы окуучунун адабий-чыгармачылык шык-жөндөмүн ийгиликтүү өнүктүрүү камсыздалат.

Мектеп практикасында балдардын адабий чыгармачылык шык-жөндөмүн өнүктүрүүгө аз көңүл бурулуп жаткандыгын изилденген психологиялык-педагогикалык адабияттар жана мектептердеги адабияттык тарбиянын тажрыйбалары бекемдейт.

Ал гана эмес, ата-энелерге «сиздин балаңыз бир нерсе жазып жаткандыгын байкап жатасызбы?», – деген суроого көпчүлүгү «аны укканга убактым жок» же «байкадык, бирок буга өтө деле маани берген жокпуз», – деп жооп беришет.

Ал эми «адабий-чыгармачылык шык-жөндөмүн өнүктүрүү керекпи?», – деген суроого «жок, өнүктүрүүнүн кереги деле жок, балам андан көрө жакшы адис болот, адабий жөндөм адабиятчыларга гана керек», – деп жооп беришет. Көпчүлүк ата-энелер мектеп баланын өнүгүшүнө жооп берет жана ал жак кайсы жөндөмдү өнүктүрүү керек экендигин жакшы билишет деп болжолдошот. Бирок баланын мектепке келиши менен чыгармачылык, анын ичинде адабий чыгармачылык шык-жөндөмдү калыпка салуу курч болуп чыга келет. Бүгүнкү күндө окумуштуулар жана педагог-практиктер баланы чыгармачылыкка тарбиялоо көйгөйүнө көңүл буруп жатышкандыктарын байкоого болот. Алардын көпчүлүгү руханий таянычты элдик чыгармачылыктан издейт жана балдарды, келечек муунду бабалардан калган мурас, маданиятка үйрөтүүнү көздөйт. Элдик чыгармачылыкка, оюндарга, майрамдык жөрөлгөлөргө баланы активдүү түрдө үйрөтүү мектепке чейинки мекемеде гана жүргүзүлөт. Бул куракта балада тигил же бул чыгармачылыкка карата жеке шыгы байкалат. Анын мектеп босогосун атташы менен активдүү түрдө окуу ишмердүүлүгү башталат, ал эми искусство менен алектенүү ал үчүн өзгөчө ажайып нерсе боло баштайт. Сөз чыгармачылыгына карата бардык балдарда болуучу жөндөм төмөнкү класстардан баштап сезилерлик төмөндөй баштайт, анткени мектеп программасы балдар менен көркөм оюндарды ойноого же алардын өздөрү ойлоп тапкан текстерге эмес, аларды туура жазууга, туура окууга жана атайын текстке карата дил баян жаздырууга көнүктүрүү зарылдыгына ылайыкташкан.

Суроо-талап жок болсо сөз чыгармачылыгы акырындап өчөт, бирок сөз менен чыгармачылык иштөөнү сөзсүз түрдө талап кылат. Ал эми бул милдет мектеп жылдарында эле коюлат. Жогорку класста балдарга адабият боюнча жогорку көрсөткүчтөгү талаптар коюлат, ал талаптардын көбүн окуучу аткара албайт жана ал көпчүлүк учурда өзүнүнүн күнөөсү үчүн эмес. Бул куракта алардан адабий тилде дил баянды жакшы жаза билүүнү, үйрөтүлүп жаткан чыгарманы адабияттык өңүттөн образдуу көрө алуу жөндөмүнө ээ болуу талаптарын коёт. Бирок ошол эле убакта бул курактагы балдар көпчүлүк учурда чыгарманы сүйүп окууну, сөздү баалай билүүнү жоготуп алган болот. Жалпыга маалым болгондой, жогорку класстар бүтүрүү сынагында дил баян жазуудан коркушат.

Окуучулардын сөз байлыгынын аздыгына, жалпы өсүүнүн төмөнкү көрсөткүчүнө карабай, кенже куракта фантазиянын элементтери, тилдин жандуулугу, аткаруунун ыкчамдыгы жана аткарууга болгон каалоонун күчтүүлүгү чоң курактагы окуучуларга караганда кенже куракта жогору болот. Демек, сөз чыгармачылыгына, сөз менен иштөөгө кызыктыруу чечилбеген бойдон келет. Ошондуктан бизде жогорку билимдүү, жогорку

кызмат орунун ээлеген адамдардын арасында өз оюн жөндөп айтып жана жазып бере албагандар арбын, алардын адабияттык жөндөмү өнүкпөй токтоп калган.

Окуучулардын адабий-чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү көйгөйүн чечүүдө макул болууга баруу маанилүү. Мисалы, башталгыч класстагы окуучуга билим берүүдө башкы ролду окууну көзөмөлдөө эмес, оюн ишмердүүлүгүн өнүктүрүү зарыл, себеби бул курактын талап кылган өзгөчөлүгү ушунда. Мектепке чейинки жана кенже мектеп курактагы балдардын адабий-чыгармачылыгын өнүктүрүүдөгү бири-бирине өтүү көйгөйүн жеңип чыгууга болот. А.И.Астахов, Н.Т.Витковский, А.Б.Щерба ж.б. балдарга эстетикалык тарбия берүү жаатындагы суроого кыйыр түрдө гана кайрылышкан. Көпчүлүк изилдөөчүлөр балдардын бардык эффективдүү шык жөндөмү эмгек менен байланышкан чыгармачылык оюнда өсөт деп эсептелет. Эгерде оюнда эмгектин элементтери жок болсо, анда алар көңүлсүз болушат жана элестүүлүк кыял басаңдап иштейт.

Балдардын адабий-чыгармачылык көйгөйүн Н.Т.Бершадский жана В.З.Халимова: «биз ар бир балада эң ири чыгармачылык мүмкүнчүлүк бар экендигине ишенебиз жана ал мүмкүнчүлүк чыгармачылык башталыштын кайсы багыты болбосун сөзсүз түрдө анын ар тараптуу өнүгүүсүнө кызмат кылат», – деп [17, 176-б.] карашат. Бул авторлор кенже мектептик куракты козгобосо да, алардын бардык окуучулардын чыгармачылык принцибин активдештирүүдө сезилерлик пайдалуу деп көрөт. Бул айырмачылык жөндөмдү ойготуу принциби дидактикалык салттын, элдик педагогиканын бир принциби болуп эсептелет. Ырдоо, бийлөө, жазуу, өнөрүн көрсөтүү, ырым-жырымдардан сценка коюу жана ар кандай күчтү талап кылган жумуштарды аткара билүү – мунун баары элде кадимки талаптардан болгон. Жашоонун бул же башка талаптары чоңдорго да балдарга да ар бирине тааныш.

Бардык балдарда дидактикалык салттык чыгармачылыкты өнүктүрүүгө көз салуу азыркы күндө да бала бакчада аздыр көптүр сакталууда. Бала бакчадагы балдар менен иш алып баргандар: «таланты жок балдар болбойт, кандайдыр бир себептерден убактылуу өсүүсү токтоп тургандар бар» – деп бекемдешет. Өзгөчө азыр көптөгөн чыгармачылыкты өнүктүрүүчү ийримдер акы алууга өткөндүгүнө байланыштуу, көпчүлүк ата-энелер үчүн баланын чыгармачылыгын өнүктүрүү көйгөйү чечилгис бойдон калууда, ошондой эле, коомчулукта рухий мурастар азыр жаштардын жүрөгүн козгой албай калды, себеби, азыр жеңил-желпи текст менен жазылган шлягер ырлардын агымы экранды жана сценаны каптап жана жаштар ал ырлар менен азыктанып турган кез. Мектепке чейинки жана кенже мектептик курактагы балдарды көркөм тарбиялоо ишин улантуунун бузулушунун көйгөйү көңүлдү өзүнө бурат, ошого байланыштуу бул бузулуу балдарды дидактикалык салтта көркөм тарбиялоого каршы чыгат.

Интерактивдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу тексттерди колдонууда баланын өткөөл куракка өтүүдөгү курч кырдаалынын баары эске алынган. Элдер сөздүн түз маанисинде баланын көркөм шык жөндөмүн өнүктүрүүдө наристе курагынан баштап ага бешик ырын, андан соң кубулжутуп макалдатылып айтылган сөзгө, оюндарды жана чоңдор үчүн болуучу майрам жөрөлгөлөргө ж.б. аралаштыруу менен «баккан».

Башталгыч класстын окуучуларына убакыттын көпчүлүгүн сабак окууга жумшоо талапка ылайык жана ал объективдүү зарылдык. Бирок бала сабак окууну көпчүлүк учурда мажбурлоо жагымсыз милдет деп кабыл алат. Бул курактагы баланын ден соолугунун, өзгөчө психикасын, кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн көркөм адабият боюнча эс алуу убактысынын эсебинен сааттардын санын көбөйтүүгө жол берилбейт. Анда мындай абалдан чыгуунун жолу кандай? Элдин кылымдардан бери сакталып келген баланы тарбиялоо тажрыйбалары ар кандай педагогикалык жана чыгармачылык көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет жана көп жагынан аны байытууга мүмкүндүк ачат.

Албетте, интерактивдүү ыкмаларды мектепте окутуу маселесине келгенде бул ойду көңүл сыртында калтырууга болбойт.

Окуу программасына ылайык башталгыч класстын окуучулары адабияттын башталгыч курсун окушат. Ага милдеттүү түрдө окуп жана үйрөнө турган чыгармалардан тышкары кошумча окула турган чыгармалар да киргизилген. Бул чыгармалар жөнөкөйдөн татаалга

өтүү принциби боюнча жайгаштырылган. Ошентип, жаңы окуу жылы кызыктуу элдик жомокторду, макал-ылакаптарды, табышмактарды жана адабий жомокторду колдонуудан башталат.

Сунуш кылынган элдик оозеки чыгармалар жана адабий жомоктор элибиздин турмуштук такшалуусу, ой-тилеги, элдин патриоттук духу, душманды жеңе билүү тажрыйбасы, тилинин байлыгы жана курчтугу менен тааныштырып, окуучулардын китепке болгон сүйүүсүн тарбиялайт.

Элдик оозеки чыгармачылык боюнча теориялык аныктоолорду окуучуларга жеткирүү үчүн мугалим элдик оозеки чыгармачылыктын тарыхы менен тааныш болгону талапка ылайык. Демек, бул жаатта сөз кылуу али алдыда…

**Колдонулган адабияттар:**


1. Молдогазиев Т. интерактивдүү ыкмаларды V-VI класста окутуу [Текст] / Т.Молдогазиев – Ф.: «Мектеп», 1988.
2. Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика. – Б., 2014. – 590 б.
3. Мукамбаев Ж. Башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөнүү жолдору. – Ф., 1966. – 228 б.
4. Мукамбаев Ж. Кыргыз табышмактары, жаңылмачтары, калптары [Текст] / Ж.Мукамбаев, Ж. Таштемиров – Ф., 1971. – 129 б.
5. Муратов А.Ж. V-VIII класстарда окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: пед.илим.канд. дис. ...автореф. 13.00.02 / А.Ж.Муратов. – Б. 2001. – 18 б.



УДК 372.3/4
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-293-296



**Омуралиева Нурай, Кожогелдиева К.М.**
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин студенти,
психол.и. к., И.Арабаев ат. КМУнун психология кафедрасынын доценти
**Омуралиева Нурай, Кожогелдиева К.М.**
студентка факультета педагогики КГУ им. И.Арабаева,
к.психол.н., доцент кафедры психологии КГУ им.И.Арабаева
**Omuralieva Nuray, Kozhogeldieva K.M.**
student of the Faculty of Pedagogy, KSU named after I. Arabaeva,
PhD in Psychology, Assoc. department psychology KSU named after I. Arabaeva


## ЛОГОПЕДИЯЛЫК ИШТИН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ
## ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ В ЛОГОПЕДИЧЕСКОЙ РАБОТЕ
## PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL CONDITIONS IN LOGOPEDIC WORK


**Аннотация:** Макала мектеп жашына чейинкилер менен логопедиялык иштеги психологиянын, педагогиканын жана дефектологиянын өз ара байланыштары жөнүндөгү маселелерди козгойт. Ар бир жаш курак өзүнүн психикалык өнүгүүсүндө өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрүнө ээ. Мектеп жашына чейинки курак, биринчиден, таанып–билүү өзгөчөлүктөрүнө, эмоционалдык-эрктик чөйрөсүнө, ошондой эле психологиялык-педагогикалык шарттарга көз каранды болгон, өз учурунда болуучу кептик өнүгүү менен аныкталат.

**Аннотация:** Статья затрагивает вопрос взаимосвязи психологии, педагогики и дефектологии при логопедической работе с дошкольниками. Каждый возраст имеет свои особенности в его психическом развитии. Дошкольный возраст, во-первых, определяется